БЕКИТЕМИН
Республикалык тогуз коргоол Федерациясынын Президенти

_________________ А.Алымкулов
«____»______________2017 ж.

**Республикалык тогуз коргоол федерациясынын тунгуч Президенти А.Чылымовдун байгелерине арналган тогуз коргоол боюнча Кыргыз Республикасынын чемпионатын (U-12, U-14, U16, U18) өткөрүү ТАРТИБИ**

Кыргыз элинин тогуз коргоол оюну боюнча республикалык таймаш ата-бабаларыбыздан калган мурасыбызды дүйнөлүк деңгээлге алып чыгуу максатында өткөрүлүүдө.

## I. Тогуз коргоол оюнун өткөрүүнүн милдеттери.

- оюнду жандандыруу, деңгээлин көтөрүү жана өркүндөтүү;
- тогуз коргоолду республикалык деңгээлде өркүндөп, өсүшүнө шарт түзүү;
- Жаштар арасындагы Азия чемпионатына (U14, U19) спортчуларды тандоо;
- республиканын облустарында, шаарларында жана райондорунда оюнду кеңири жайылтуу;
- массалык дене-тарбия, ден-соолукту чыңдоо иштеринин сапатын жакшыртуу.

## II. Өткөрүүнүн орду жана мөөнөтү.

Таймаш Бишкек шаарында, 01.11. - 07.11.2017 чейин өткөрүлөт. 2017-жылдын жетинин айынын 1 келүү күнү, саат 18-00 чейин каттоо жүргүзүлөт. Жетинин айынын 07 кетүү күнү.

## III. Таймаштын катышуучулары.

Таймашка катышууга: Ош, Талас, Жалалабат, Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Баткен облустарынан, Бишкек жана Ош шаарларынан мектептердин, спорттук мектептердин, спорттук клубдардын, айылдардын, райондордун курама жааттарынын өкүлдөрү жаш курактарга ылайык алдын ала табыштама тапшыргандар катышууга укуктуу. Жаш курагы: 2000-2001, 2002-2003, 2004-2005, 2006 жылы төрөлгөн жана андан кичүү. 1999-ж. төрөлгөн спортчуларга зачеттон тышкары Азия чемпионатына жолдомо алууга катышууга уруксат берилет. Жааттын курамы 15 адам: 12 спортчу, 1 машыктыруучу, 1 калыс жана 1 өкүл. Жеңүүчүлөр Азия чемпионатына (U14, U19) жолдомо алышат. Азия чемпионатына жолдомо алуу үчүн ылдыйкы жаш курак тайпасынан, жогорку жаш курак тайпасына өтүп катышууга уруксат берилет.

## IV. Таймашты өткөрүүнүн жетекчилиги.

Жалпы башкаруу Республикалык тогуз коргоол федерация тарабынан жүргүзүлөт.
Оюнду уюштуруп өткөрүү РТКФсы тарабынан бекитилген калыстар тобуна жүктөлөт.

## V. Таймашты өткөрүү шарты жана жеңүүчүлөрдү аныктоо.

Таймаш тогуз коргоол кодексине ылайык айлампа же швецариялык ырааты менен жеке эсепте гана стандарт, рапид жана блиц түрлөрү боюнча өткөрүлөт. Стандарт түрүнөн Азия чемпионатына жолдомо алган оюнчулар рапид түрүнө катышуу укугунан ажыратылат. Блиц түрүнө бардык оюнчулар (анын ичинде Азия чемпионатына жолдомо алгандар да) катыша алышат. Бир оюнга стандарт түрүндө ар бир оюнчуга 1 сааттан, жалпы 2 саат убакыт, рапид түрүндө 25 мүнөттөн – 50 мүнөт, блиц түрүндө 7 мүнөттөн – 14 мүнөт убакыт берилет.

## VI. Каржылоо

Уюштуруу жана өткөрүү (диплом, медаль, ижара акысы, байланыш жана башка чыгымдар) РТКФ тарабынан каржыланат.

Иш-сапарга узатууну (жол кире акысын, жатаканасын, тамак ашын, жолдо тамактануусун,) иш-сапарына жөнөткөн уюмдар төлөшөт.

## VII.Жеңүүчүлөрдү аныктоо.

| **Айлампа ырааты** | **Швейцариялык ырааты** |
|---|---|
| 1. Упайдын саны | 1. Упайдын саны |
| 2. Жеке беттешүү | 2. Прогресс коэффициенти |
| 3. Чылымовдун коэффициенти | 3. Жеке беттешүү |
| | 4. Бухгольц коэффициенти |

## VIII.Жеңүүчүлөрдү сыйлоо тартиби.

Жеңүүчүлөр (1-2-3 орун ээлегендер) медаль, диплом жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышат.

## IX. Табыштама.

Табыштамалар белгиленген тартип боюнча Республикалык тогуз коргоол федерациясына мелдештин башталышына чейин **5 күн мурда** (27.10.2017-ж. Саат 17-00гө чейин) катыша турган спортчулардын толук аты-жөнү менен, **паспортунун же болбосо туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсүн** РТКФнын электорндук дарегине: **ftkkr@mail.ru** берилет. Накталай (жетекчинин, машыктыруучу жана дабагердин колу коюлган табыштама 2017-жылдын жетинин айынын 01 саат 18-00гө чейин калыстар тобуна тапшырылат.

Бардык спортчулар Республикалык тогуз коргоол федерациясы тарабынан бекитилген спорттук кийимдерди кийип, 1 даана тогуз коргоол тактасы менен таймашка катышууга укуктуу. Андан тышкары, ар бир жаат 2 даана тогуз коргоол сааты менен келүүгө милдеттүү.

**Өткөрүү тартип расмий чакыруу болуп эсептелет.**

**Республикалык тогуз коргоол федерациясынын тунгуч Президенти А.Чылымовдун байгелерине арналган КРнын чемпионатынын (U-12, U-14, U16, U18) өткөрүү боюнча башкы калыстар тобуна**

Тогуз коргоол боюнча Республикалык тогуз коргоол федерациясынын тунгуч Президенти А.Чылымовдун байгелерине арналган КРнын чемпионатынын (U-12, U-14, U16, U18) катышууга ________________________________ курама жаатынын **ТАБЫШТАМАСЫ**

**01.-08.11.2017-ж.** **Бишкек шаары**

| **№** | **Аты, Ата теги** (толук) | **Туулган жылы** | **Спорттук даражасы** (спорттык даражасы китепчесине ылайык) | **Паспортунун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн сериясы, №-и** | **Машыктыруучунун аты, ата теги** (толук) | **Дабагердин уруксаты** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | | | | | | |
| **2.** | | | | | | |
| **3.** | | | | | | |
| **4.** | | | | | | |
| **5.** | | | | | | |
| **6.** | | | | | | |
| **7.** | | | | | | |
| **8.** | | | | | | |
| **9.** | | | | | | |
| **10.** | | | | | | |
| **11.** | | | | | | |
| **12.** | | | | | | |

____ адамга уруксат берилди

**Дабагер** ____________________________ ____________________________________________

**Жетекчи** ____________________________ ____________________________________________